КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

20

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИ
# БЮЛЛЕТЕНИ

# Электрондук басылмалар жөнүндө ЖОБО

Ош – 2012

Ош мамлекеттик университетинин бюллетени. №20. Электрондук басылмалар жөнүндө жобо. – Ош: Ош МУ, 2012. – 8 б.

Ош МУ нун Окумуштуулар Кеңешинин 2012-жылдын “___” ___________ чечими менен кабыл алынган (№_____-протокол) жана Ош МУ ректорунун 2012-жылдын “___” __________ №_____-буйругу менен бекитилген.

Бюллетенде электрондук окуу басылмалар жана алардын түрлөрү, аларга коюлуучу талаптар, электрондук окуу басылмасынын структурасы жана классификациясы, электрондук окуу-методикалык комплекстин структурасы жана электрондук басылмаларды түзүү каражаттары жөнүндө маалыматтар келтирилген.

© Ош мамлекеттик университети, 2012

## Мазмуну

1. Электрондук окуу басылмасы жана анын түрлөрү .................................. 3
2. Электрондук окуу басылмаларга коюлуучу талаптар............................... 3
2.1. Окуу материалдарынын мазмунунун адекваттуулугу ........................ 3
2.2. Окуу материалдарын көрсөтүү формасынын эффективдүүлүгү ....... 4
2.3. Экономикалык эффективдүүлүгү ....................................................... 4
3. Электрондук окуу басылмаларынын структурасы .................................... 4
4. Электрондук окуу басылмаларынын классификациясы ........................... 6
5. Электрондук окуу-методикалык комплекс................................................ 6
6. Электрондук басылмаларды түзүү каражаттары ....................................... 7
7. Жободо колдонулган жаңы терминдер сөздүгү (Глоссарий) .................... 8

## 1. Электрондук окуу басылмасы жана анын түрлөрү

**Электрондук окуу басылмасы деп –** окуу материалдарынын оптикалык дисктерге (CD, DVD) жазылган же ЭЭМдердин тармагына (локалдык, регионалдык, глобалдык) жайгаштырылган басылмасын айтабыз.

Электрондук окуу басылмалары мультимедиалык компоненттерди пайдаланып, навигация системасы аркылуу бирдиктүү программалык чөйрө катары гипертексттик технология менен даярдалат.

Электрондук окуу басылмалары типографиялык ыкма менен чыгарылган окуу китептеринин жана колдонмолорунун негизинде даярдалат.

Электрондук окуу басылмалары дисциплина боюнча окуу материалдарын камтуу деңгээли боюнча төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

- Электрондук окуулук;
- Электрондук окуу колдонмосу;
- Электрондук окуу-методикалык колдонмо;
- Электрондук окуу-методикалык комплекс;
- Электрондук лекциялар курсу;
- Электрондук окутуучу жана текшерүүчү системалар;
- Электрондук практикумдар (тренажерлор);
- Электрондук маселелер жана көнүгүүлөр жыйнагы;
- Электрондук лабораториялык иштер жыйнагы;
- Электрондук справочник (мисалы, терминдердин түшүндүрмө сөздүгү);
- Электрондук тесттер жыйнагы;
- Электрондук дидактикалык демонстрациялык материалдар жыйнагы;
- Электрондук көрсөтмө куралдар жыйнагы;
- Электрондук хрестоматия;
- Электрондук укуктук-нормативдик жана методикалык документтер;
- Компьютердик программалар;

## 2. Электрондук окуу басылмаларга коюлуучу талаптар

Электрондук окуу басылмалары төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

### 2.1. Окуу материалдарынын мазмунунун адекваттуулугу

- *мамлекеттик билим берүү стандартына туура келиши;*

- *дисциплинаны өздөштүрүү үчүн берилген окуу материалдарынын толуктугу;*
- *окутуунун ар түрдүү (күндүзгү, сырттан, кечки жана дистанттык) формаларына ылайыктуулугу;*
- *теориялык материалдарды, практикалык, семинардык жана лабораториялык сабактарды өз алдынча окуп-үйрөнүүгө жарамдуулугу;*
- *өтүлгөн материалдарды бышыктоо үчүн, учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөр үчүн суроолордун камтылышы;*
- *билим берүүдөгү, илимдеги жана техникадагы жетишкендиктердин эске алынышы.*

### 2.2. Окуу материалдарын көрсөтүү формасынын эффективдүүлүгү

- *Электрондук окуу басылмалары көрсөтмөлүүлүгү, колдонуу үчүн жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу менен айырмаланып турушу керек;*
- *окуу материалдарынын жазылышынын (көрсөтүлүшүнүн) логикалык удаалаштыгынын туура болушу зарыл;*
- *студенттин активдүүлүгүн интерактивдүү колдоо мүмкүнчүлүгүнүн болушу максатка ылайыктуу;*
- *санитардык-гигиеналык нормаларга жооп бериши (мисалы, шрифттин өлчөмү өтө кичине же чоң, шрифттин же барактын фонунун түсү өтө жарык же күңүрт болбошу) керек;*
- *CD, DVD дисктердин жана алардын футлярларынын сырткы дизайны көрүмдүү болуш керек.*

### 2.3. Экономикалык эффективдүүлүгү

- *өздүк баасынын арзандыгы;*
- *узак мөөнөткө колдонуу (эксплуатациялоо) мүмкүнчүлүгү;*
- *техникалык жана программалык каражаттардын талапка ылайыктуулугу.*

## 3. Электрондук окуу басылмаларынын структурасы

Электрондук окуу басылмаларындагы окуу материалдарынын структурасы:

- *Титулдук барак (мекеменин аббревиатурасы, авторлор, адистиктин жана дисциплинанын аталышы, окуу басылмасынын тиби, басылманын жарык көргөн жылы);*
- *Басылманын китеп вариантындагы УДКсы, ББКсы, ISBNни, авторлор тизмеси, басылманын аталышы, көлөмү (Мбайт менен),*

*басылма даярдалган форматтын тиби (chm, pdf, djvu, html, tex, ж.б.), инсталляция каражаты, рецензенттер, аннотация, автордук укук, басылманы жарыкка чыгарууга кепилдик берген мекеменин аталышы, басылма чыккан шаардын аталышы, басылма жарык көргөн жыл;*

- *Мазмуну (гипершилтеме менен);*
- *Кириш сөз (басылманы колдонуу эрежелери, өзгөчөлүгү, навигация багыты, материалды өздөштүрүү менен кандай компетенциялар, билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөрдүн калыптанышы баяндалат);*
- *Бөлүмдөр, параграфтар, темалар, чакан темалар (мультимедиа элементтери, навигация, издөө системалары колдонулат);*
- *Бышыктоо жана текшерүү үчүн суроолор;*
- *Өз алдынча иштөө үчүн практикалык тапшырмалар;*
- *Глоссарий (негизги терминдердин түшүндүрмө сөздүгү);*
- *Билимди баалоо үчүн тесттер;*
- *Окуу үчүн сунуш кылынган адабияттардын жана электрондук ресурстардын тизмеси*

Электрондук окуу басылмалары модулдук-рейтингдик жобонун негизинде модулдук принципте даярдалганы максатка ылайыктуу.

Электрондук окуу басылмаларынын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп басылманын мазмунунан тиешелүү бөлүмдөрүнө, параграфтарга, темаларга, мультимедиалык элементтерге, глоссарийге, мурдагы же кийинки темаларга гипершилтемелер менен ыңгайлуу өтүү навигациясын орнотуу эсептелет.

Электрондук окуу басылмасынын бөлүмдөрүндө жаңы материалды өздөштүрүү сапатын аныктап берүүчү (диагностика кылуучу) окуу тапшырмаларынын жыйындысы келтирилиши керек. Өзүн өзү текшерүү учурунда студенттин өздөштүрүүсүн кубаттап, мотивациялоочу каражаттар (динамикалык стимулдаштыруучу маалыматтар) да болгону жакшы.

Окуу тапшырмаларын өз алдынча аткарууда кетирилген каталарды алып таштоочу жана артка кайрылууга боло турган мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу зарыл. Колдонуучуну тез чарчатып жибербес үчүн релаксация блоктору (мисалы, музыкалык тыныгуу фрагменттери, учкул сөздөр же тамаша иретиндеги сөздөр же сүрөттөр) басылмага тиркелсе жакшы болот.

Электрондук окуу басылмаларында мультимедиа элементтерин колдонуу керектүү информацияны табууну жеңилдетет, анткени адамдын көрүү жана угуу жөндөмдүүлүктөрү абстракттык түшүнүктөрдү кабыл алганга караганда алда канча өйдө турат.

## 4. Электрондук окуу басылмаларынын классификациясы

Электрондук окуу материалдарынын (электрондук техникалык каражаттардын колдонулушуна жараша) даярдоо деңгээли төмөнкүдөй классификацияланат (1-таблица):

1-таблица

| Даярдоо деңгээли | Окуу материалдары | Навигация | Мультимедиа | Интерак-тивдүүлүк | Билимди баалоо |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-тип | Текст | – | – | – | – |
| 2-тип | Текст | Гипершилтеме | – | – | – |
| 3-тип | Текст | Гипершилтеме | Графика, анимация, аудио, видео | – | – |
| 4-тип | Текст | Гипершилтеме | Графика, анимация, аудио, видео | Глоссарий, издөө, справкалык материал | – |
| 5-тип | Текст | Гипершилтеме | Графика, анимация, аудио, видео | Глоссарий, издөө, справкалык материал | Тест менен билимди баалоо |

5-типтеги басылма сапаты боюнча жогорку деңгээлдеги электрондук окуу басылмасы болуп эсептелет. Орточо деңгээлдеги электрондук окуу басылмасы деп 4-типтеги басылманы кабыл алса болот.

## 5. Электрондук окуу-методикалык комплекс

Электрондук окуу-методикалык комплекс (ЭОМК) дисциплинаны толук өздөштүрүү үчүн зарыл болгон бардык окуу-методикалык каражаттарды камтып турган көлөмдүү электрондук басылма болуп эсептелет.

**Электрондук окуу-методикалык комплекстин структурасы:**

- *Титулдук барак (мекеменин аббревиатурасы, авторлор, адистиктин жана дисциплинанын аталышы, ЭОМК жана анын жарык көргөн жылы);*

- *ЭОМКнын аталышы, авторлор тизмеси, көлөмү (Мбайт менен), басылма даярдалган форматтын тиби (chm, pdf, djvu, html, tex, ж.б.), рецензенттер, аннотация, автордук укук, басылманы жарыкка чыгарууга кепилдик берген мекеменин аталышы, басылма чыккан шаардын аталышы, басылма жарык көргөн жыл;*
- *Мазмуну (гипершилтеме менен);*
- *Кириш сөз (ЭОМКны колдонуу эрежелери, өзгөчөлүгү, навигация багыты, материалды өздөштүрүү менен кандай компетенциялар, билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөрдүн калыптанышы баяндалат);*
- *Дисциплина боюнча типтүү программа;*
- *Дисциплина боюнча жумушчу программа (силлабус);*
- *Бөлүмдөр, параграфтар, темалар, чакан темалар (мультимедиа элементтери, навигация, издөө системалары колдонулат);*
- *Бышыктоо жана текшерүү үчүн суроолор;*
- *Практикалык сабактардын материалдары;*
- *Семинардык сабактардын материалдары;*
- *Лабораториялык сабактардын (автоматташтырылган же виртуалдык) материалдары жана аларды аткаруунун үлгүлөрү;*
- *Өз алдынча иштөө үчүн практикалык тапшырмалар;*
- *Учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдүн тапшырмалары;*
- *Билимди баалоо үчүн тесттер;*
- *Курстук иштерди аткаруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр;*
- *Курстук иштердин жана рефераттардын темалары;*
- *Билимди баалоо критерийлери;*
- *Жумушчу барактар;*
- *Глоссарий (негизги терминдердин түшүндүрмө сөздүгү);*
- *Окуу үчүн сунуш кылынган адабияттардын жана электрондук ресурстардын тизмеси.*

## 6. Электрондук басылмаларды түзүү каражаттары

Электрондук басылмаларды түзүү үчүн төмөнкү инструменталдык, программалык жана аппараттык каражаттар колдонулат:

- компьютердик техника жана анын перифериялык түзүлүштөрү (микрофон, вебкамера, сканер, цифралык фото- жана видеокамералар, ж.б.);
- электрондук окуу басылмаларын түзүү жана окуу үчүн программалык оболочкалар;
- Microsoft Office программаларынын пакети;

- электрондук окуу басылмаларды chm, pdf, djvu, html, tex, ж.б. кеңейтилишинде даярдоо үчүн колдонулуучу программалар;
- электрондук окуу басылмаларын жарыялоо үчүн зарыл болгон мультимедиа программалык каражаттары;
- тесттик материалдарды даярдоо жана компьютердик тестирлөөнү камсыз кылуучу каражаттар жана программалар.

## 7. Жободо колдонулган жаңы терминдер сөздүгү (Глоссарий)

- ***Глоссарий*** *– окуу басылмасында колдонулган негизги терминдердин (ачкычтык сөздөрдүн) түшүндүрмө сөздүгү. Глоссарийге орнотулган гипершилтемелер менен, б.а. ачкычтык сөздөр же мындай сөздөрдүн курамы менен керектүү түшүнүктөрдү тез таап, маалымат алууга болот.*
- ***Навигация*** *деп бир темадан экинчи темага тез өтүүнү, зарыл болгон справканы же түшүндүрмөнү алууну, иллюстрацияларды (мисалы, графиканы, сүрөттөлүштөрдү, анимацияларды, виртуалдык моделдерди, ж.б.) көрүүнү (эгерде интернет менен байланыш болсо, интернетке чейин чыгып, маалыматтарды алууну же тьютор-окутуучу менен пикир алмашууга чейин чыгууну) түшүнөбүз.*
- ***Мультимедиа*** *деп таблицаларды, графиктерди, схемаларды, сүрөттөрдү, картографиялык сүрөттөлүштөрдү, анимацияларды, үндүк жана музыкалык фрагменттерди, фотографияларды, кино, аудио жана видео материалдарды, интерактивдүү элементтерди бир чөйрөгө бириктирүүнү айтабыз.*
- ***Анимация*** *деп программалык каражаттардын жардамы менен обьекттердин динамикалык өзгөртүлүшүн түшүнөбүз.*